**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**

**АЛА - АРЧА**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

724324 Мрамор айылы
Юбилейная көчөсү № 1

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**

**АЛА - АРЧИНСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**

724324 с. Мраморное
ул. Юбилейная № 1

**АЛА-АРЧА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 28 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ ОТУРУМУ**

# Т О К Т О М № 93

17 - октябрь 2023- жыл | Мраморное айылы

**“Административдик-аймактык реформаны өткөрүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар” жөнүндө Жарлыгын аткаруу максатында, 2023-жылдын 11-августундагы Ала-Арча айылдык аймагынын жашоочулары менен уюштурулган жыйындын протоколдук чечимин эске алуу менен, Ала-Арча айылдык аймагынын административдик-аймактык реформалоо боюнча долбоорду карап жана талкуулап, “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 12-беренесинин негизинде Ала-Арча айылдык кеңешинин кезексиз отуруму

**ТОКТОМ кылат:**

1. Аламүдүн районунун айылдык аймактарын бириктирүүдө, Ала-Арча айыл аймагынын Мраморное жана Рассвет айылдары менен Октябрь айыл аймагынын Октябрь, Лубяное жана Чуйский айылдары биригип бир айыл аймак болуусуна макулдук берилсин.
2. Бириккен айыл аймактын административдик борбору Мраморное айылы деп бекитилсин.
3. Бириккен айыл аймактардын аталышы “С.Чокморов атындагы айыл аймагы” болуп аталсын.
4. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана колдоо максатында айылдардын аттарын орусчадан кыргызчага которуу боюнча, Мраморное айылынын аталышын “Ала-Арча айылы” деп жана Рассвет айылынын аталышын “Ак-Чий айылы” деп өзгөртүү боюнча сунуш киргизилсин;
5. Бул токтом Ала-Арча айыл өкмөтүнүн веб сайтына жарыялансын жана тиешелүү тартипте юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлсүн.
6. Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясына ушул токтомду ишке ашыруу сунушу берилсин.
7. Токтомдун аткарылышын көзмөлдөө милдети Ала-Арча айыл өкмөтүнүн башчысы Г.Э.Ниязовага жүктөлсүн.

**Ала-Арча айылдык**
**Кеңешинин төрагасы** **Н.Б.Мажитов**